**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын V-кезектүү сессиясынын**
**Токтому №9/3**

2025-жылдын 17-декабры — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Кырчын калктуу конушуна айыл статусун берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу” мыйзамынын 6,12 беренелерин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын Кырчын калктуу конушунда жашаган кожолуктун саны көбөйгөндүгүнө жана айыл өкмөтүнүн борборунан алыс жайгашкандыгын эске алуу менен айылдын социалдык маселелерин чечүү учур талабы болгондуктан Кырчын калктуу конушуна айыл статусу берилсин;

2. Статус алуу үчүн тиешелүү иш казаздарын даярдоо жагы Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин;

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, муниципалдык менчик, муниципалдык ишкана менен иш алып баруу, жер, айыл чарбасы, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**